Funded by
the European Union

*КЫРГЫЗСТАН*

*БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН АБАЛЫН ИЗИЛДӨӨ*

# АНАЛИТИКАЛЫК ОТЧЕТ

*ЯНВАРЬ 2025*

<table>
<tr><td colspan="2">Изилдөөнүн аталышы: Башталгыч кесиптик билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн абалын изилдөө</td></tr>
<tr><td>Өлкө/Регион:<br>Кыргызстан/Борбордук Азия</td><td>Өлкөнүн алдыңкы эксперти:<br>Йохан Шустередер (ЭСРӨБ)</td></tr>
<tr><td>Изилдөөнүн жүргүзүү мезгили:<br>Июнь 2024 – Декабрь 2024</td><td>Жооптуу уюмдар жана байланыш маалыматтары:<br>• Билим берүү жана илим министрлиги, Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгы<br>• Башталгыч кесиптик билим берүү лицейлери</td></tr>
</table>

## Ыраазычылык сөздөрү

Бул пилоттук долбоорду ийгиликтүү ишке ашырууга жана бул отчетту даярдоого салым кошкондордун бардыгына чын жүрөктөн ыраазычылык билдиребиз. Биринчи кезекте долбоордун бардык этаптарында баа жеткис жетекчилиги, колдоосу жана баалуу салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгынын жетекчиси Гульнур Мамыровага терең ыраазычылык билдиребиз. Ошондой эле, Башталгыч кесиптик билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Гүлмира Абдылдаевага ар тараптуу координациялоо жана ишке ашыруу процессине көзөмөлдүк кылгандыгы үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Мындан тышкары, изилдөөгө катышкан бардык лицейлердин салымын белгилеп кетмекчибиз. Алардын кызматташтыгы бул изилдөөнүн ийгиликтүү аякташында негизги ролду ойноду.

## Кыскартуулардын глоссарийи

| | |
|---|---|
| **БАСЖДИ - DARYA** | **Борбордук Азиядагы сезимтал жаштар үчүн диалог жана иш-аракет (DARYA)** |
| **ЭСРӨБ** | **Экономикалык саясат жана региондук өнүктүрүү бюросу** |
| **ЕБФ** | **Европа билим берүү фонду** |
| **ЕБ** | **Европа биримдиги** |
| **БИМ** | **Билим берүү жана илим министрлиги** |
| **КБО** | **Кесиптик билим берүү жана окутуу** |

# Мазмуну

Ыраазычылык сөздөрү ....3
Кыскартуулардын глоссарийи ....4
1.Киришүү ....7
1.1. Изилдөөнүн аналитикалык максаттары жана камтуусу ....7
1.2. Отчеттун түзүмү ....8
2. Изилдөөнүн дизайны жана методологиясы (кыскача баяндама) ....9
2.1. Изилдөөнүн дизайны ....9
2.2. Методология ....9
3. Маалыматтарды көрсөтүү жана сыпаттоо анализи ....9
3.1. Окууга карата мотивация жана келечек пландар ....10
3.2. Алынган көндүмдөрдү баалоо (окутуу аяктагандан кийин) ....12
3.3. Окутуунун жана окуунун шарттарын баалоо ....14
3.4. Окууну аяктагандан кийин жумушка орношуу абалы ....19
3.5. Профессионалдык билиминин учурдагы иштеген жерине ылайык келиши ....22
3.6. Учурдагы жумушу менен канааттануу ....23
3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн көндүмдөрдү даярдоо деңгээлине канааттануусу ....25
3.8. Келечекте….киргизүүнү каалаган жакшыртуулар жана өзгөртүүлөр ....27
4. Жыйынтыктарды чечмелөө ....30
5. Сунуштар (алдын ала) ....31
6. Маалымат булактары ....33
7. Тиркеме ....34

## Таблицалар жана диаграммалар

1-таблица. Сиз төмөнкү көндүмдөрдү канчалык даражада жакшы билесиз..... («абдан жакшы» деп жооп бергендердин %), окуу программасы/адистиги боюнча

1-диаграмма. Окууну таштоону ойлогон респонденттердин үлүшү (%), аймактар боюнча бөлүштүрүлүп берилген.. 10
2-диаграмма. Студенттердин окууну аяктагандан кийинки көздөгөн пландары (%), окуу программасы/адистиги боюнча бөлүштүрүлүп берилген........ 11
3-диаграмма. Окуган адистиги боюнча иштөөнү каалаган респонденттердин пайызы (%), окуу программасы/адистиги боюнча бөлүштүрүлүп берилген........ 12
4-диаграмма. Кесибиңиз боюнча окуу деңгээлине канчалык даражада канааттанасыз (толугу менен канааттангандардын %), аймактар боюнча ........ 12
5-диаграмма. Окуу жайыңыздагы окутуунун сапатын кандай баалайт элеңиз? (%), аймактар боюнча........ 15
6-диаграмма. Сиз окуу жайыңыздын материалдык-техникалык базасын кандай баалайсыз? («абдан жакшы» деп жооп бергендердин %), аймактар боюнча........ 15
7-диаграмма. Сиз окуу материалдарынын жана башка ресурстардын жеткиликтүүлүгүн кандай баалайсыз? (%), аймактар боюнча ........ 16
8-диаграмма. Окуу процессинде сиз канчалык деңгээлде техникалык көйгөйлөргө дуушар болосуз? («абдан көп учурда» жана «көп учурда» деп жооп бергендердин %), аймактар боюнча........ 17
9-диаграмма. Окутуучулар менен студенттердин ортосундагы байланыш канчалык даражада канааттандырарлык? (%), аймактар боюнча........ 18
10-диаграмма. Окутуучулардын ой-пикирин канчалык тездикте угуп турасыз? (%), аймактар боюнча........ 18
11-диаграмма. Сиздин оюңузга жараша окуу жайыңыз сиздин учурдагы абалыңызды изилдөөнү канчалык натыйжалуу жолдо жүргүзөт? (%), аймактар боюнча........ 19
12-диаграмма. Аймактар боюнча бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногундагы абалы (%)........ 20
13-диаграмма. Окуу адистигине ылайык келген экономика сектору боюнча жумуш менен камсыз болгон бүтүрүүчүлөрдүн (анын ичинде кызматкерлерди, өз алдынча иштегендерди жана иш берүүчүлөрдү) үлүшү (%)........ 20
14-диаграмма. Сиз университетте билимиңизди улантты ңызбы же улантууну пландап жатасызбы? ("ооба" деп жооп бергендердин %)........ 21
15- диаграмма. Менин азыркы жумушум… ........ 22
16-диаграмма. Сиз өз адистигиңиз боюнча иштейсизби? (%) аймактар боюнча........ 22
17-диаграмма. Сиз өз адистигиңизге ылайык иштейсизби? (%) окуган адистигине ылайык экономика секторунда ....23
18-диаграмма. Учурдагы жумушуңуз сизди канааттандырабы? («ооба» деп жооп бергендердин %), окуган адистигине ылайык экономика сектору боюнча ........ 24
19-диаграмма. Сиз жумушуңузду алмаштырууну пландап жатасызбы? («ооба» деп жооп бергендердин %), окуган адистигине ылайык экономика сектору боюнча ........ 25
20-диаграмма. Лицейде алган жөндөмүңүздү азыркы жумушуңузда канчалык деңгээлде колдоносуз? (%), аймактар боюнча ........ 26
21-диарамма. Лицейде алган жөндөмүңүздү азыркы жумушуңузда канчалык деңгээлде колдоносуз? (%), окуу адистигине ылайык келген экономика сектору боюнча ........ 26
22-диаграмма. Сиздин окууңуз сизди учурдагы жумушуңузга канчалык деңгээлде даярдады деп ойлойсуз? (%), аймактар боюнча ........ 27
23-диаграмма. Сиздин окууңуз сизди учурдагы жумушуңузга канчалык деңгээлде даярдады деп ойлойсуз? (%), окуу адистигине ылайык келген экономика сектору боюнча ........ 27
24-диаграмма. Сиздин оюңузга жараша өз студенттеринин окуп- үйрөнүүсүн жакшыртуу үчүн окуу жайыңызга кайсы өзгөртүүлөр абдан маанилүү болуп саналат? (%)........ 28
25-диаграмма. Сиздин оюңузга жараша окуу жайыңыз үчүн кандай жакшыртуулар абдан керектүү болуп саналат? (%) ........ 28
26-диаграмма. Өз окуу жайыңызда кандай кошумча кызматтар же иштин түрлөрү киргизилиши зарыл деп эсептейсиз? (%) ........ 29
27-диаграмма. Өз окуу жайыңызда кандай технология/инновация киргизилишин каалайсыз? (%), окуу программалары/адистиктер боюнча ........ 29
28-диаграмма. Өз окуу жайыңызга студенттердин ийгилигине колдоо көрсөтүп, стимул бере турган кандай программалар керек деп ойлойсуз? (%) ........ 30

# 1.Киришүү

Кыргыз Республикасындагы башталгыч кесиптик билим берүүнүн жана окутуунун (КБО) бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуусу боюнча пилоттук изилдөө КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек рыногуна өтүүсү боюнча негизги маалыматтарды чогултуу үчүн демилгеленген. 2024-жылдын июнь айынан декабрь айына чейин жүргүзүлгөн бул изилдөө Европа билим берүү фондунун (ЕБФ) DARYA[1] долбоорунун колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган. Изилдөөнүн негизги максаты кесиптик билим берүү жана окутуу (КБО) программаларын өркүндөтүү боюнча далилдүү сунуштарды алуу, эмгек рыногунун талаптарын жакшыраак канааттандыруу жана бүтүрүүчүлөргө тиешелүү көндүмдөрдү берүү болуп саналат.

Изилдөө акыркы курстун студенттеринен сурамжылоолорду жана окууну аяктагандан кийин алты ай өткөндөн кийин алардын ишке орношуусун, окуудан канааттануусун жана алынган көндүмдөрдүн эмгек рыногунун талаптарына ылайыктуулугун баалоо үчүн жүргүзүлгөн маалыматтарды камтыйт.

Алынган жыйынтыктар мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин, билим берүү мекемелеринин жана кесиптик билим берүү жана жумушчу күчүн өнүктүрүү менен алектенген кызыкдар тараптардын колдонуусуна арналган. Билим берүү системасы менен эмгек рыногунун керектөөлөрүнүн ортосундагы ажырымды аныктоо Билим берүү жана илим министрлигине КБО программаларын өркүндөтүүгө, квалификациянын дисбалансын кыскартууга жана бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет. Алынган маалыматтар ошондой эле DARYA долбоорунун кеңири максаттарына, келечектеги көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, квалификациялык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө, Борбордук Азияда инклюзивдик окутуу ыкмаларын киргизүүгө жана Кыргыз Республикасындагы кесиптик билим берүүнүн кыйла натыйжалуу жана туруктуу системасын түзүүгө салым кошот жана көмөктөшөт.

## 1.1. Изилдөөнүн аналитикалык максаттары жана камтуусу

Бул изилдөөнүн аналитикалык максаттары Кыргыз Республикасындагы башталгыч кесиптик билим берүү (КБО) программаларынын натыйжалуулугун жана актуалдуулугун баалоого багытталган. Изилдөө эки негизги этаптан турат: биринчи этап «чыгуу сурамжылоосу», студенттердин окуусунун жыйынтыктоочу этабында окутуу, окуу процесси жана окуу шарттарына баа берилет, ал эми экинчи этап «ишке орношуу сурамжылоосу» окуу жайды аяктагандан кийин алты айдан кийин ошол эле респонденттер арасында өткөрүлөт.

Сурамжылоо Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагындагы кесиптик окуу жайлардын студенттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн пикирлерин чогултуп, региондук айырмачылыктарга жана окутуунун ар кандай багыттарынын өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө көңүл бурган. Респонденттерден демографиялык маалыматты, анын ичинде жынысын, адистигине тиешелүү тармакты жана алар окуган аймакты көрсөтүү сунушталды. Сурамжылоо ошондой эле алардын окуусунун сапатына, практикалык тажрыйбасына, окуу жайларындагы окуутуу жана билим берүү ресурстарына канааттануу деңгээлин камтыды. Мындан тышкары, студенттердин карьералык

[1] https://www.etf.europa.eu/en/what-we-do/darya-dialogue-and-action-resourceful-youth-central-asia

пландары, окуусун улантуу ниети жана билим берүү мекемелеринде зарыл деп эсептеген өзгөртүүлөр тууралуу суроолор берилди.

Бүтүрүүчүлөрдүн кезектеги сурамжылоосу алардын иш менен камсыз болуу абалына, анын ичинде учурдагы ишке орношуу абалына, окуган адистиги боюнча иштөөсүнө жана алардын билиминин учурдагы кесиптик ишмердүүлүгүнө канчалык деңгээлде дал келгенине көңүл бурулду. Мындан тышкары бүтүрүүчүлөр жумуш ордун алмаштыруу боюнча тажрыйбалары менен бөлүшүп, лицейде алган жөндөмдөрүн кантип колдонуп жаткандыгы тууралуу айтып беришти. Талдоо ошондой эле аймактык айырмачылыктарды жана окутуунун ар кандай багыттарынын өзгөчөлүктөрүн эске алды, бул бизге региондор жана кесиптик билим берүү программалары боюнча негизги тенденцияларды жана жакшыртуу багыттарын аныктоого мүмкүндүк берди. Изилдөөлөр студенттердин керектөөлөрүн, карьералык келечегин жана аймактык экономикалык талаптарды жакшыраак канааттандыруу үчүн билим берүү практикасын жакшыртуу стратегияларын иштеп чыгууга жардам берет.

*Изилдөөнүн камтуусу*

Изилдөөгө Кыргыз Республикасынын бардык кесиптик лицейлеринин 2024-жылы аяктаган бүтүрүүчүлөрү камтылган. Маалыматтарды чогултуу эки этапта жүргүзүлдү: биринчи сурамжылоо окууну бүтөр алдында жүргүзүлдү, ал эми кийинки сурамжылоо окууну аяктагандан кийин алты айдан кийин ишке орношуу жана карьералык өзгөрүүлөргө көз салуу менен өткөрүлдү. Изилдөөнүн максаты – бүтүрүүчүлөрдүн канааттануусун, алардын ишке орношуу деңгээлин, алынган көндүмдөрдүн эмгек рыногунун талаптарына шайкештигин, билим берүү мекемелеринин ишинин натыйжалуулугун талдоо жолу менен башталгыч кесиптик билим берүү программаларынын сапатын комплекстүү баалоо. Ар кандай региондорду жана окуу жайларды камтуу маалыматтардын объективдүүлүгүн камсыздайт, бул натыйжаларды максаттуу саясий чечимдерди иштеп чыгуу жана кесиптик билим берүү жана окутуу системасын өркүндөтүү үчүн колдонууга мүмкүндүк берет.

## 1.2. Отчеттун түзүмү

Бул отчет беш бөлүмдөн (главадан) турат. Киришүү аналитикалык отчеттун мазмунун, максаттарын жана көлөмүн сүрөттөйт. 2-глава техникалык отчетто берилген кененирээк маалымат менен изилдөөнүн методологиясы, маалыматты чогултуу үчүн колдонулган изилдөөнүн дизайны, маалыматтарды чогултуу жана бүтүрүүчүлөрдү тандоо ыкмалары тууралуу кыскача баяндаманы берет. 3-глава маалыматтарды көрсөтүү жана сыпаттамалык талдоо, пилоттук изилдөөдөн чогултулган маалыматтарды таблица форматында берет жана бүтүрүүчүлөрдүн КБО программалары, алардын эмгек рыногуна өтүүсү жана алардын жумушу менен окуу учурунда алган көндүмдөрүнүн ортосундагы дал келүүсүнө талдоо жүргүзөт. 4-глава натыйжаларды чечмелөө, жыйынтыктарды КБО системасын башкаруунун жана эмгек рыногунун кеңири контекстинде жайгаштырат. 5-глава изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде КБО программаларынын актуалдуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча практикалык сунуштарды камтыйт.

# 2. Изилдөөнүн дизайны жана методологиясы (кыскача баяндама)[2]

## 2.1. Изилдөөнүн дизайны

Бүтүрүүчүлөрдүн арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо - ал бүтүрүүчүлөрдүн учурдагы абалын изилдөө (трейсер стади) катары да белгилүү - билим берүүдө жана окутууда жетишилген натыйжаларды баалоо, андан тышкары кесиптик көндүмдөргө жана жумушка тиешелүү тенденцияларды божомолдоп аныктоо үчүн колдонулган маанилүү куралдардын бири. Кыргызстанда бул изилдөө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жетекчилиги астында Баштапкы кесиптик билим берүү жана окутуу (БКББО) деңгээлинде жүргүзүлгөн. Жер-жерлерде ишти алып баруу эки этаптан турат. Биринчи этапта «окутуунун соңунда өткөрүлгөн сурамжылоо» негизинен окутуунун аягында студенттер үчүн камсыздалып берилген окутуунун, окуунун жана предметтерди үйрөнүүнүн шарттарын баалайт. Экинчи этапта «жумуш менен камсыз болуусу боюнча сурамжылоо» окуу жайды аяктагандан кийин болжол менен 6 ай өткөндөн кийин ошол эле респонденттер менен байланышуу аркылуу алардын жумуш издөө аракеттери, учурдагы жумуш менен камсыз болуу абалы жана андан аркы билим алуусу же окуп жаткандыгы тууралу маалыматтар чогултулат.

## 2.2. Методология

Бул пилоттук изилдөө далилдүү билим берүү саясатынын чечимдерин колдоо жана кесиптик билим берүү жана окутуу программаларынын сапатын жогорулатуу үчүн башталгыч кесиптик билим берүү жана окутуу (КТБ) программаларынын бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалыматтарды чогултуу максатында иштелип чыккан. Сурамжылоо 93 кесиптик лицейдин бардык 2024 жылкы бүтүрүүчүлөрүн камтыды жана алардын билим берүү тажрыйбасынын ар кандай аспектилерин, анын ичинде алынган окутуунун актуалдуулугун жана натыйжалуулугун баалоого багытталган.

Изилдөө олуттуу жоопкөрсөткүчүнө жетишти, бүтүрүүчүлөрдүн 42% сурамжылоонун биринчи туруна жана кийинки турга жалпы 16630 бүтүрүүчүнүн 57% катышкан. Сурамжылоонун негизги максаттары бүтүрүүчүлөрдүн билимине канааттануу деңгээли, алардын эмгек рыногуна өтүшү жана КБОнун программаларынын рынок талаптарына шайкештиги жөнүндө маалыматтарды чогултуу болгон. Алынган натыйжалар Билим берүү жана илим министрлигине окуу программаларын жакшыртууга, квалификациялар менен иш берүүчүнүн талаптарынын ортосундагы дал келбестикке, КБО системасына инвестициялардын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам бере турган баалуу маалыматтарды берет.

# 3. Маалыматтарды көрсөтүү жана сыпаттоо анализи[3]

Бул бөлүмдө студенттер жана бүтүрүүчүлөр арасында жүргүзүлгөн эки сурамжылоонун негизинде сыпаттамалык талдоо берилген: окуунун аягында жана окууну аяктагандан кийин алты ай. Ал эки сурамжылоодо көтөрүлгөн негизги темаларды жана маселелерди карайт. Биринчи сурамжылоодо окууга болгон мотивация (шыктануу), келечекке пландар, ошондой эле окутуунун сапатына, окуу шарттарына жана алынган көндүмдөргө баа берилет. Экинчи

[2] Изилдөөнү ишке ашыруунун методологиясынын жана этаптарынын деталдуу сүрөттөлүшү бүтүрүүчүлөрдү ишке орношууну изилдөө боюнча өзүнчө техникалык отчетто берилген.

[3] Анализ салмакталган маалыматтарга негизделген жана жетишпеген маанилердин отчетун камтыйт.

сурамжылоо, тескерисинче, эмгек рыногундагы учурдагы кырдаалды талдап, алган билими респонденттердин кесиптик ишмердигине канчалык деңгээлде туура келерин баалайт.

## 3.1. Окууга карата мотивация жана келечек пландар

Көпчүлүк студенттер окуу программаларын белгилүү бир адистикке болгон кызыгуусу үчүн (66%) же аны учурдагы эмгек рыногунун муктаждыктарына ылайыктуу деп эсептегендиктен (8%) тандап алышкан. Респонденттердин 6% гана кесиптерди кесипке багыт берүү боюнча алган маалыматынын негизинде тандап алышкан.

**Көпчүлүк студенттер өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарына ылайыктуу кесипти тандашкан, бирок бештен бири окуу учурунда окуусун таштоону ойлошкон**

Буга карабастан, респонденттердин бештен бир бөлүгү кандайдыр бир учурда окуусун таштоону ойлошкон (1-диаграмманы караңыз). Маалыматтар ошондой эле окууну таштоону пландаштырып жаткан студенттердин саны жаатындагы олуттуу аймактык айырмачылыктарды көрсөтөт. Маселен, окууну таштоого ниеттенген студенттердин эң көп пайызы Бишкек шаарында, эң азы Нарын жана Талас облустарында байкалган. Окуу программалары боюнча талдасак, окууну таштагысы келген студенттердин эң көп үлүшү туризм, металл иштетүү же көркөм өнөр жана зергерчилик тармагында окугандарга тиешелүү болгон. Бул студенттердин 51 пайызы үй-бүлөлүк оор кырдаалга туш болушкан, 18 пайызы окууда кыйынчылыктарга туш болушкан, дагы 12 пайызы окуу шарттарын жактырышкан эмес, 15 пайызга жакыны тандап алган кесибинин келечегинен күмөн санашкан.

**1-диаграмма. Окууну таштоону ойлогон респонденттердин үлүшү (%), аймактар боюнча бөлүштүрүлүп берилген**




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

Респонденттердин жарымына жакыны (52%) окуусун аяктагандан кийин окуусун улантууну пландашса, 16% чет өлкөгө жумуш издөөнү көздөшкөн, 14% өз бизнесин ачууну каалаларын билдирген. 2-сүрөттө студенттердин олуттуу бөлүгү университетте окуусун ар кандай билим берүү программалары боюнча улантууну пландаштырганын көрсөтүп турат, эң жогорку пайыз маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) жана электр станцияларынын

**Студенттердин көбү окуусун университетте улантууну же чет өлкөдөн жумуш издөөнү пландаштырышат жана көбү келечекте тандаган кесиби боюнча иштөөнү көздөшөт**

жабдууларын, электр жана байланыш тармактарын эксплуатациялоо жана оңдоо тармагында окуган студенттердин арасында катталган. Мындан тышкары, жеңил өнөр жай, жер үстүндөгү транспорт жана коомдук тамактануу тармагында билим алып жаткан студенттердин олуттуу бөлүгү чет өлкөгө жумуш издөөнү көздөшкөн. График ошондой эле металл иштетүү, курулуш жана тамак-аш тейлөө программаларында студенттердин олуттуу бөлүгү өз бизнесин ачууну пландаштырганын көрсөтүп турат.

**2-диаграмма. Студенттердин окууну аяктагандан кийинки көздөгөн пландары (%), окуу программасы/адистиги боюнча бөлүштүрүлүп берилген**




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

3-диаграммада өз адистиги боюнча иштөөнү каалаган респонденттердин пайызы окуу программасы жана адистиги боюнча бөлүштүрүлүп көрсөтүлгөн. Маалыматтар көрсөткөндөй, сулуулук индустриясы, тоо-кен өнөр жайы, жеңил өнөр жай, айыл чарба жана коомдук тамактануу (кейтеинг) кызматтарын көрсөтүү программаларында окуган студенттердин олуттуу бөлүгү окууну аяктагандан кийин өз тармагында иштөөнү пландаштырууда. Бул алардын билим алуу жаатындагы тандоосу жана кесипке умтулуусу толугу менен дал келгендигин көрсөтүп турат. Тескерисинче, жыгач иштетүү же көркөм жана зергер буюмдарын өндүрүү боюнча программалардын бүтүрүүчүлөрү башка бүтүрүүчүлөргө караганда башка тармактардан жумуш издешет. Пландарын мындайча алмаштыруунун негизги себептеринин арасында окуу чөйрөсүнө болгон кызыгуунун жоголушу же карьералык максаттарга шайкеш келбегендиги саналат.

**3-диаграмма. Окуган адистиги боюнча иштөөнү каалаган респонденттердин пайызы (%), окуу программасы/адистиги боюнча бөлүштүрүлүп берилген**




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

## 3.2. Алынган көндүмдөрдү баалоо (окутуу аяктагандан кийин)

Респонденттердин болжол менен жарымы өз адистиги боюнча окууга толугу менен канааттанат. Маалыматтар көрсөткөндөй, толук канааттануунун эң жогорку деңгээли Нарын жана Талас облустарынын студенттеринин арасында байкалат. Тескерисинче, толук канааттануунун эң төмөнку деңгээлин Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын студенттери белгилешет. Бул ошол аймактардагы окуу программалары студенттердин күтүүлөрүн жана тармактык стандарттарды жакшыраак канааттандыруу үчүн өркүндөтүлүшү керек экенин көрсөтүп турат.

**Студенттердин жарымына жакыны жетиштүү командада иштөө жана чечим кабыл алуу жөндөмүнө ээ болуп, окуусунан толугу менен канааттанышкан**

**4-диаграмма. Кесибиңиз боюнча окуу деңгээлине канчалык даражада канааттанасыз (толугу менен канааттангандардын %), аймактар боюнча**




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

*Эгерде* окутуунун ар кандай программаларын карасак (тиркемедеги 1-диаграмманы караңыз), анда толук канааттануунун эң жогорку деңгээли сулуулук индустриясы, тоо-кен өнөр жайы жана жеңил өнөр жайы программаларынын студенттеринин арасында байкалат. Тескерисинче, туризм, электр станцияларынын жабдууларын эксплуатациялоо жана оңдоо, электр жана байланыш тармактары боюнча окуган студенттер тарабынан төмөнкү деңгээл белгиленет.

Жалпы көндүмдөр боюнча респонденттердин 49% жана 48% командада иштөө же чечим кабыл алуу жөндөмүнө ээ болгонун айтышты, ал эми азыраак пайызы көйгөйлөрдү чечүү (45%), убакытты туура пайдалануу/башкаруу (44%) же артыкчылыктарды аныктоо (43%) боюнча шыктарды өздөштүргөндүктөрүн белгилешти. 1-таблица ошондой эле респонденттердин окуу программасына же адистигине жараша ар кандай көндүмдөрдү канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгү жөнүндө түшүнүк берет. Чогултулган маалыматтар боюнча сулуулук индустриясы жана тоо-кен өнөр жайы программаларынын студенттери командада иштөө көндүмдөрүнүн эң жогорку деңгээлин көрсөтүшкөн, тиешесине жараша 59% жана 64% түздү. Алар командада иштөөнү жакшы өздөштүргөндүгүн жана мындай көндүмдөр айрыкча жогоруда аталган адистиктер үчүн өтө маанилүү экендигин билдиришкен. Ошол сыяктуу эле, көркөм жана зергер буюмдарын өндүрүү, тоо-кен өнөр жайы жана сулуулук индустрия программаларынын студенттеринин да чечим кабыл алуу боюнча көрсөткүчү жогорку болду.

Тескерисинче, жыгач иштетүүчү өнөр жайы, туризм жана электр станцияларынын жабдууларын эксплуатациялоо жана оңдоо, электр жана байланыш тармактары багыттарынын студенттери айрыкча убакытты туура пайдалануу/башкаруу, артыкчылыктарды аныктоо жана чечим кабыл алуу менен байланышкан көндүмдөрдүн төмөн деңгээлин көрсөтүштү.

**1-таблица. Сиз төмөнкү көндүмдөрдү канчалык даражада жакшы билесиз..... («абдан жакшы» деп жооп бергендердин %), окуу программасы/адистиги боюнча**

| | Командада иштөө | Убакытты башкаруу | Көйгөйлөрдү чечүү | Чечим кабыл алуу | Алгылыктуулук |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы | 46 | 44 | 45 | 49 | 42 |
| Жер үстүндөгү транспорт | 47 | 44 | 48 | 53 | 47 |
| Жеңил өнөр жай | 54 | 48 | 48 | 53 | 49 |
| Жыгач иштетүү өнөр жайы | 47 | 40 | 41 | 39 | 33 |
| Коомдук тамактануу кызматтары | 54 | 44 | 44 | 49 | 44 |
| Курулуш | 45 | 43 | 47 | 45 | 38 |
| Көркөм буюмдарды жана зергер буюмдарын өндүрүү | 52 | 51 | 51 | 61 | 44 |
| Маалымат жана коммуникация технологиялары | 48 | 42 | 41 | 47 | 42 |
| Металл иштетүү | 44 | 42 | 47 | 47 | 39 |
| Слесарь-монтаждоо жумуштары | 46 | 43 | 46 | 49 | 43 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Сулуулук индустриясы | 59 | 54 | 53 | 57 | 47 |
| Кызмат көрсөтүү сектору | 54 | 48 | 50 | 54 | 44 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 64 | 49 | 46 | 57 | 52 |
| Туризм | 47 | 40 | 37 | 45 | 42 |
| Кол өнөрчүлүк буюмдарын өндүрүү | 47 | 45 | 46 | 48 | 41 |
| Электр станцияларынын жабдууларын, электр жана байланыш тармактарын эксплуатациялоо жана оңдоо | 45 | 37 | 39 | 42 | 37 |
| Электр жабдууларын чыгаруу | 43 | 41 | 42 | 45 | 42 |
| Бардыгы | 49 | 44 | 45 | 48 | 43 |

Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж

## 3.3. Окутуунун жана окуунун шарттарын баалоо

**Окутуунун сапатына канааттануу жогору, бирок окуу программаларында айырмачылыктар бар**

Маалыматтар окутуунун сапатын кабыл алууда аймактардын ортосунда олуттуу айырмачылыктар бар экендигин көрсөтүп турат. Мисалы, Талас жана Нарын облусунун студенттери эң жогорку канааттануу деңгээлин билдиришкен, алардын басымдуу бөлүгү окутуунун сапаты абдан жакшы же жакшы деп айтышкан (5-диаграмманы караңыз). Ал эми Ысык-Көл облусунда канааттануунун деңгээли төмөн, бул региондо жакшыртуу үчүн потенциалдуу багыт экендигин көрсөтөт. Топтолгон маалыматтар ошондой эле билим берүүнүн сапатын баалоодо регионалдык контексттин маанилүүлүгүн баса белгилейт, анткени жергиликтүү ресурстар, мугалимдерди даярдоо жана институционалдык колдоо сыяктуу факторлор региондордун ортосунда олуттуу түрдө ай ырмаланышы мүмкүн. Окуу планы боюнча сулуулук индустриясы өзгөчөлөнүп турат, респонденттер ага тиешелүү программаны окутуу сапатын тоо кен, курулуш жана айыл чарба программаларынан айырмаланып, абдан жогору баалашты (Тиркемедеги А.2-диаграмманы караңыз).

**5-диаграмма. Окуу жайыңыздагы окутуунун сапатын кандай баалайт элеңиз? (%), аймактар боюнча**




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

Респонденттер материалдык-техникалык базага «абдан жакшы» деп баа берген канааттануунун эң жогорку деңгээли Нарын жана Талас облустарында байкалат (6-диаграмманы караңыз). Тескерисинче, канааттануунун эң төмөнкү деңгээли Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын студенттери тарабынан белгиленет, бул окууга жалпы канааттануунун төмөн деңгээлине байланыштуу болушу мүмкүн (жогоркуну караңыз). Окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгү жөнүндө да ушуну айтууга болот (7-диаграмманы караңыз).

**Материалдык-техникалык базага канааттануу региондор боюнча ар түрдүү даражада, ал эми курулуш жана тейлөө секторунун программаларында өзгөчө төмөн**

***6-диаграмма. Сиз окуу жайыңыздын материалдык-техникалык базасын кандай баалайсыз? («абдан жакшы» деп жооп бергендердин %), аймактар боюнча***




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

***7-диаграмма. Сиз окуу материалдарынын жана башка ресурстардын жеткиликтүүлүгүн кандай баалайсыз? (%), аймактар боюнча***




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

Маалыматтар ошондой эле материалдык-техникалык базага канааттануунун эң жогорку деңгээлин сулуулук индустриясы жана жыгач иштетүү боюнча окуу программалардын студенттери белгилешкенин көрсөтүп турат. Ал эми курулуш, тейлөө тармактары, электр станцияларынын жабдууларын эксплуатациялоо жана оңдоо, электр жана байланыш тармактары менен байланышкан окутуу программаларында канааттануунун төмөнкү деңгээли байкалат (тиркемедеги А.3-диаграмманы караңыз). Окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу, туризм, курулуш жана кургак жер транспорту боюнча окуу программалардын респонденттеринен айырмаланып, сулуулук индустриясы программасынын студенттери кайрадан эле абдан позитивдүү пикирлерин айтышты (Тиркемедеги А.4-диаграмманы караңыз). Сурамжылоонун маалыматтары ошондой эле Талас, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы окуучулардын олуттуу бөлүгү окуу процессинде техникалык көйгөйлөргө «өтө көп» же «көбүнчө» дуушар болоорун билдиришет, бул жогоруда аталган облустарда билим берүү мекемелери үчүн түйшүктүү маселе бар экендигин белгилейт. Ал эми Нарын жана Чүй облустарынын студенттери техникалык көйгөйлөрдүн азыраак экенин билдиришет, бул жогоруда аталган аймактарда инфраструктура жана колдоо системалары жакшыраак өнүккөндүгүн көрсөтүп турат. Көбүнчө пайда болгон техникалык көйгөйлөр металл иштетүү жана электротехника сыяктуу техникалык программаларга да көбүрөөк тиешелүү, алар материалдык-техникалык базанын учурдагы сапаты менен байланыштуу болушу мүмкүн (Тиркемедеги А.5-диаграмманы да караңыз).

***8-диаграмма. Окуу процессинде сиз канчалык деңгээлде техникалык көйгөйлөргө дуушар болосуз? («абдан көп учурда» жана «көп учурда» деп жооп бергендердин %), аймактар боюнча***




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

9- жана 10-диаграммалар мугалимдер менен студенттердин ортосундагы байланыштын деңгээли, ошондой эле Кыргызстандын ар кайсы аймактарындагы студенттер мугалимдер тарабынан камсыздалган кайтарым байланыштын канчалык көп жолу алгандыгы жөнүндө түшүнүк берет. Өткөрүлгөн сурамжылоо Талас жана Нарын облустарынын окуучулары мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы байланышка эң жогорку даражада канааттангандыктарын билдирип, бул облустарда байланыштын эффективдүү практикасы бар экендигин айгинелешкен.

**Көпчүлүк студенттер мугалимдеринен өз иштери жана жетишкендиктери боюнча үзгүлтүксүз негизде пикир алышат жана алар менен болгон байланыш деңгээлине канааттанышат**

Ал эми Баткен, Чүй жана Ысык-Көл облустарынын студенттери канааттануу деңгээли төмөн (эгерде “толук канааттануу” деп айтканды карасак) экендигин билдирип, мугалимдер менен студенттердин ортосундагы байланышты жакшыртуу керектигин көрсөтүүдө. Ошол сыяктуу эле, Талас жана Нарын облустарынын студенттери да башка аймактарга салыштырмалуу ар бир сабактан кийин мугалимдерден кайтырам байланыш көбүрөөк алышат (10-диаграмманы караңыз).

Окуу программаларына келсек, маалыматтар көрсөткөндөй, сулуулук индустриясы жана жеңил өнөр жай программаларынын студенттери мугалимдер менен студенттердин ортосундагы байланышка канааттануунун эң жогорку деңгээлин белгилешти. Ал эми туризм жана электротехника буюмдарын чыгаруу программаларынын студенттери канааттануунун төмөнкү деңгээлдери жөнүндө билдиришти (тиркемедеги А.6-диаграмманы караңыз). Студенттер ар түрдүү окуу программалары боюнча мугалимдерден регулярдуу түрдө кайтарым байланыш пикирлерин алышат, ал эми эң төмөнкү көрсөткүчтөр (ар бир сессиядан кийин же жума сайын студенттер мугалимдерден пикир алгандыктарын билдиргендерди эске алганда) туризм же электротехника буюмдарын чыгаруу окуу программаларынын студенттери тарабынан белгиленди (тиркемедеги А.7-диаграмманы караңыз).

***9-диаграмма. Окутуучулар менен студенттердин ортосундагы байланыш канчалык даражада канааттандырарлык? (%), аймактар боюнча***




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

***10-диаграмма. Окутуучулардын ой-пикирин канчалык тездикте угуп турасыз? (%), аймактар боюнча***




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

Акырында, 11-диаграмма Кыргызстандын ар кайсы облустарында билим берүү мекемелери окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн учурдагы абалын изилдөөнү канчалык натыйжалуу жүргүзгөндүгү тууралу жыйынтыктарды чагылдырат. Маалыматтар көрсөтүп тургандай, Ош облусунун студенттери өздөрүнүн окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн учурдагы абалын изилдөөсү натыйжалуу экендиги жөнүндө эң жакшы пикирлерин билдиришип, бул аймактагы окуу мекемелеринде эффективдүү мониторинг системалары бар экендигин айгинелешкен. Ал эми, Чүй облусунун студенттери канааттануу деңгээли төмөн экендигин билдиришкен. Андан сырткары, маалыматтар суулуулук индустриясы, маалымат жана коммуникация технологиялары (МКТ), тоо-кен өнөр жай багытындагы программалардын бүтүрүүчүлөрү өздөрүнүн абалын

изилдөөсү менен канааттануусу эң жогорку деңгээлде экендигин көрсөтүп турат (тиркемедеги А.8-диаграмманы караңыз).

***11-диаграмма. Сиздин оюңузга жараша окуу жайыңыз сиздин учурдагы абалыңызды изилдөөнү канчалык натыйжалуу жолдо жүргүзөт? (%), аймактар боюнча***




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

## 3.4. Окууну аяктагандан кийин жумушка орношуу абалы

Окуу жайын аяктагандан кийин алты ай өткөндөн кийин эмгек рыногунун учурдагы абалы жөнүндө чогултулган маалыматтар, толук убакытта акы төлөнүүчү жумуш эки региондо жана төмөнкү окуу адистиктери боюнча болгонун көрсөтүп турат. Жумушка орношкон бүтүрүүчүлөрдүн эң жогорку үлүшү Чүй облусунда (44%), Ысык-Көл облусунда, ошондой эле Бишкек шаарында (39%) белгиленди (12--диаграмманы караңыз), ал эми билим берүү программаларынын ичинен алдыңкы орунда темир жол транспортуна тиешелүү адистиктер болду. Өзгөчө айыл чарба (26%), жер үстүндөгү транспорту (28%), көркөм өнөр жана зергерчилик (30%) менен байланышкан программалардын бүтүрүүчүлөрү арасында өз алдынча иш менен камсыз болуусу кеңири жайылган, бул ишкердиктин жогорку деңгээлин көрсөтүп турат.

**Иш менен камсыз болгон бүтүрүүчүлөрдүн эң көп үлүшү Талас, Чүй жана Ысык-Көл облустарындагы студенттердин арасында, ошондой эле темир жол транспорту, тейлөө, курулуш жана сулуулук индустриясы тармагындагы адистердин арасында белгиленди.**

Тамак-аш тейлөө тармагы, туризм жана жабдууларды эксплуатациялоо жана оңдоо боюнча программаларды бүтүргөндөрдүн арасында жумушсуз бүтүрүүчүлөрдүн үлүшү (жумуш издеген жана ишке орношууга даяр болгондор) жогору болгон (19%). Толук жумуштуулук жалпысынан азыраак болуп, эң жогорку көрсөткүч маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын бүтүрүүчүлөрү арасында (13%) болгон. Иштебегендердин жана окубагандардын эң көп пайызы (11%), ошондой эле активдүү иш издеп жүргөн жумушсуздардын олуттуу пайызы (26%) Баткен облусунун бүтүрүүчүлөрүнүн арасында байкалган.

***12-диаграмма. Аймактар боюнча бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногундагы абалы (%)***




Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

***13-диаграмма. Окуу адистигине ылайык келген экономика сектору боюнча жумуш менен камсыз болгон бүтүрүүчүлөрдүн (анын ичинде кызматкерлерди, өз алдынча иштегендерди жана иш берүүчүлөрдү) үлүшү (%)***




Эскертүү: Полиграфия, радио жана зым байланышы, суу транспорту, таш иштетүү жана тоо-кен казып алуу тармактары учурлардын аздыгына байланыштуу талдоодон чыгарылган.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

Маалыматтар ошондой эле бардык региондор боюнча респонденттердин болжол менен 51% жогорку окуу жайларында окуусун улантып же улантууну пландаштырып жатканын көрсөтүп турат. Эң жогорку көрсөткүч Ош облусунда (56%), андан кийин Жалал-Абад облусунда (52%)

катталган. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө (44%), жыгач иштетүү өнөр жайында, көркөм өнөр жана зергерчиликте (46%) билим алган бүтүрүүчүлөр жогорку билим алуу ниетин эң аз билдиришкен. Мында үзгүлтүксүз билим алууга эң көп кызыгууну туризм (61%), маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (58%) жана темир жол транспорту (57%) адистиги боюнча бүтүрүүчүлөр көрсөтүштү (14-диаграмманы караңыз).

***14-диаграмма. Сиз университетте билимиңизди уланттыңызбы же улантууну пландап жатасызбы? ("ооба" деп жооп бергендердин %)***




Эскертүү: полиграфия, радио жана зым байланышы, суу транспорту, таш иштетүү жана тоо-кен өнөр жай ишканалары учурлардын аздыгына байланыштуу талдоодон чыгарылган.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

Эмгектин мобилдүүлүгүнүн маалыматтары көрсөткөндөй, бүтүрүүчүлөрдүн басымдуу бөлүгү, алардын окуган аймагына жана адистигине карабастан, окууну аяктагандан кийин биринчи жумуш ордунда иштөөнү улантышкан респонденттердин орточо 63% түзөт. Региондор боюнча биринчи жумуш ордунда иштегендердин эң жогорку үлүшү Жалал-Абад (69%) жана Ош (66%) облустарынын бүтүрүүчүлөрүнүн арасында катталган, ал эми Ысык-Көл жана Нарын облустарында бул көрсөткүч бир аз төмөн (58%) болгон (15-сүрөттү караңыз). Адистерди эсепке алуу менен курулуш (70%) жана темир жол транспорту (68%) тармагындагы бүтүрүүчүлөр биринчи жумуш ордунда калышты. Ошол эле учурда жыгач иштетүү өнөр жайы (47%) жана туризм (55%) сыяктуу тармактарда биринчи жумушта иштегендердин пайызы азыраак болсо, экинчи же үчүнчү жумушка өткөндөрдүн үлүшү жогору болгон. Бул бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү биринчи жумуш ордун бүтүргөндөн кийин бир нече ай ичинде сактап калса да, карьералык өсүш жана жумуштун өзгөрүү динамикасы аймактарда жана тармактарда ар кандай экенин

көрсөтүп турат. Атап айтканда, жыгач иштетүү жана туризм сыяктуу секторлор экинчи же үчүнчү жумушка өтүү менен байланышкан жогорку мобилдүүлүккө ээ.

*15- диаграмма. Менин азыркы жумушум…*




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр боюнча гана берилген.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

## 3.5. Профессионалдык билиминин учурдагы иштеген жерине ылайык келиши

Адистиги боюнча ишке орношуу боюнча маалыматтар орто эсеп менен жумуш менен камсыз болгон бүтүрүүчүлөрдүн 57% өз кесиби боюнча иштээрин көрсөтүп турат. Эң жогорку көрсөткүч Ош облусунун (59%), Талас облусунун жана Бишкек шаарынын (58%) бүтүрүүчүлөрүнүн арасында белгиленсе, өз адистиги боюнча иштегендердин эң төмөнкү үлүшү Нарын облусунун бүтүрүүчүлөрүндө (49%) катталган (16- диаграмманы караңыз).

Адистик боюнча эң жогорку кесиптик ылайыктуулук (адистиги боюнча толук же жарым-жартылай иштөө) курулуш (87%), тейлөө (85%), коомдук тамактануу (84%), металл иштетүү (84%) жана жеңил өнөр жай (84%) менен байланышкан программалардын бүтүрүүчүлөрүндө байкалат (17- диаграмманы караңыз). Ошол эле учурда туризм (62%) жана жыгач иштетүү (65%) сыяктуу секторлордо кесипке дал келүү деңгээли төмөн, бул бул тармактардын бүтүрүүчүлөрү өз адистигинен тышкары иштөө мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп турат.

*16-диаграмма. Сиз өз адистигиңиз боюнча иштейсизби? (%) аймактар боюнча*




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр боюнча гана берилген.Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

***17-диаграмма. Сиз өз адистигиңизге ылайык иштейсизби? (%) окуган адистигине ылайык экономика секторунда***




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр боюнча гана берилген. Полиграфия өнөр жайы, радио жана зым байланышы, суу транспорту, ташты кайра иштетүү жана тоо-кен өнөр жай ишканалары сандардын аздыгына байланыштуу талдоодон чыгарылды.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

Анализ көрсөткөндөй, бүтүрүүчүлөрдүн өз адистиги боюнча иштебей калышынын негизги себептери квалификациясына жараша жумуш табуудагы кыйынчылыктар (35%) жана кесипке болгон кызыгуусун жоготуу (21%) болуп саналат. Практика учурунда адистик аларга ылайыктуу эмес экенин түшүнүү (18%) жана бул тармакта иштөөнү каалабагандык (13%) да олуттуу себептерден болуп саналат. Респонденттердин дагы 13% башка, такталбаган себептерди көрсөтүштү. Бул жыйынтыктар иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жана кесипке кызыгуунун жоктугу билим берүү менен жумуштуулуктун ортосундагы ажырымдын негизги факторлору экенин көрсөтүп турат.

Берилген маалыматтар бүтүрүүчүлөрдүн субъективдүү баасына негизделгенине карабастан, жумуш менен камсыз кылуу сектору менен алынган адистиктин дал келүүсүн талдоо региондор менен тармактардын ортосундагы олуттуу айырмачылыктарды кайрадан көрсөтөт. Жалпысынан алганда, иш менен камсыз кылуу чөйрөсү менен окуу тармагынын ортосундагы эң чоң дал келүү курулуш (83%), коомдук тамактануу (81%) жана жеңил өнөр жай (80%) менен байланышкан программалардын бүтүрүүчүлөрү арасында байкалат, бул жерде эң чоң дал келгендик белгиленген. Ошол эле учурда туризм (49%), эксплуатациялоо жана оңдоо (50%) жана электротехника (53%) сыяктуу тармактарда бул көрсөткүч кыйла төмөн. Бул тенденциялар негизинен жогоруда келтирилген бүтүрүүчүлөрдүн субъективдүү баасына негизделген жыйынтыктарды тастыктайт.

## 3.6. Учурдагы жумушу менен канааттануу

Маалыматтар регионго жана адистикке карабастан бүтүрүүчүлөрдүн жумушунан канааттануу деңгээлинин ырааттуу жогорку деңгээлин көрсөтүп турат, жалпы канааттануу деңгээли 95%ды түзөт. Адистиги боюнча эң жогорку канааттануу искусство жана зергерчилик өндүрүшү (100%), сулуулук индустриясы (98%), курулуш, жеңил өнөр жай жана электротехникалык өндүрүш (97%)

тармактарында окуган бүтүрүүчүлөр арасында байкалат (18-сүрөттү караңыз). Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө (96%), металл иштетүүдө жана монтаждоодо (95%), ошондой эле айыл чарбада, жер үстүндөгү транспортто жана коомдук тамактанууда (95%) ишке орношкон бүтүрүүчүлөр арасында да канааттануунун жогорку деңгээли белгиленди. Жалпы канааттануунун жогорку деңгээлине карабастан, туризм (91%), Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана жыгач иштетүү өнөр жайы (90%) тармагында иштеген бүтүрүүчүлөр арасында бир аз төмөн, бирок дагы эле оң көрсөткүчтөр катталган. Жалпысынан алганда, изилдөөнүн натыйжалары бүтүрүүчүлөр тарабынан региондор боюнча да, тармактар боюнча да учурдагы ишке орношууга карата оң пикирди чагылдырат.

***18-диаграмма. Учурдагы жумушуңуз сизди канааттандырабы? («ооба» деп жооп бергендердин %), окуган адистигине ылайык экономика сектору боюнча***




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр үчүн гана берилген. Полиграфия өнөр жайы, радио жана зым байланышы, суу транспорту, ташты кайра иштетүү жана тоо-кен өнөр жай ишканалары сандардын аздыгына байланыштуу талдоодон чыгарылды.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

Маалыматтар көрсөткөндөй, жумушка орношкон бүтүрүүчүлөрдүн 27% жумуш ордун алмаштырууну пландаштырууда. Адистиги боюнча, жумуш ордун алмаштыруу ниетинин эң жогорку деңгээли жер үстүндөгү транспорт (33%), темир жол транспорту (32%) жана сулуулук индустриясы (31%) тармактарында окуган бүтүрүүчүлөр арасында байкалат. Ошол эле учурда эң төмөнкү мобилдүүлүк искусство жана зергерчилик өндүрүшү (14%) жана жеңил өнөр жайы (16%) боюнча адистешкен бүтүрүүчүлөрдүн арасында байкалган, бул бул чөйрөлөрдөгү көбүрөөк канааттанууну жана туруктуулукту көрсөтөт (19-диаграмманы караңыз). Жалпысынан алганда, жумуш ордун алмаштыруу ниети техникалык, эксплуатациялык жана жогорку квалификациялуу тармактардын бүтүрүүчүлөрү арасында кеңири таралган, ал эми чыгармачыл жана тейлөөчү кесиптер арасында эмгектин мобилдүүлүгүнүн төмөнкү деңгээлин көрсөтөт.

**Жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр өздөрүнүн жумушунан канааттануу деңгээлин билдиришет. Бирок, жумуш алмаштыруу ниети техникалык, эксплуатациялык жана жогорку квалификациялуу тармактарда көбүрөөк кездешет, ал эми чыгармачыл жана тейлөө секторлорунда жумущ алмаштыруу көрсөткүчтөрү төмөн.**

Маалыматтар көрсөткөндөй, жумуш ордун алмаштыруунун эң кеңири тараган себеби эмгек акынын аздыгы (34%), андан кийин окууну улантуу каалоосу (25%) жана адистиги боюнча жумуш табуу (24%). Келтирилген башка себептерге жумуш ордунда жагымсыз чөйрө (8%) жана карьералык келечектин жоктугу (6%) кирет. Респонденттердин аз үлүшү (3%) башка факторлорду көрсөттү. Бул жыйынтыктар эмгек акынын деңгээлине жана карьералык өсүү мүмкүнчүлүктөрүнө нааразычылык жумуш орундарын алмаштыруунун негизги себептери экенин көрсөтүп турат.

***19-диаграмма. Сиз жумушуңузду алмаштырууну пландап жатасызбы? («ооба» деп жооп бергендердин %), окуган адистигине ылайык экономика сектору боюнча***




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр үчүн гана берилген. Полиграфия өнөр жайы, радио жана зым байланышы, суу транспорту, ташты кайра иштетүү жана тоо-кен өнөр жай ишканалары сандардын аздыгына байланыштуу талдоодон чыгарылды.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

## 3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн көндүмдөрдү даярдоо деңгээлине канааттануусу

Маалыматтар бүтүрүүчүлөрдүн регионго жана адистикке жараша лицейде алган көндүмдөрүн колдонуу деңгээлиндеги айырмачылыктарды көрсөтөт. Окутуу өткөн аймактардын ичинен Чүй, Нарын жана Ысык-Көл облустарынын бүтүрүүчүлөрүнүн арасында алган көндүмдөрүн колдонуунун эң жогорку деңгээли белгиленди, мында респонденттердин 50% көбү лицейде алган көндүмдөрүн жигердүү пайдаланып жатканын айтышкан (20-диаграмманы караңыз). Ошол эле учурда Баткен, Ош облустарында жана Бишкек шаарында бул көрсөткүч бир аз төмөн болгон. Адистер боюнча алганда, ээ болгон көндүмдөрдү колдонуунун эң жогорку деңгээли Кызмат көрсөтүү (61%), Искусство жана зергерчилик (59%) жана Сулуулук индустриясы (56%) чөйрөсүндө окуган бүтүрүүчүлөр арасында байкалат. Ал эми, айыл чарба (42%), Металл иштетүү (43%), Коомдук тамактануу (43%) жана Жабдууларды эксплуатациялоо жана оңдоо (40%) сыяктуу тармактарда тажрыйбаны колдонуунун төмөнкү деңгээли катталган (21- диаграмманы караңыз).

***20-диаграмма. Лицейде алган жөндөмүңүздү азыркы жумушуңузда канчалык деңгээлде колдоносуз? (%), аймактар боюнча***




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр боюнча гана берилген.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

***21-диарамма. Лицейде алган жөндөмүңүздү азыркы жумушуңузда канчалык деңгээлде колдоносуз? (%), окуу адистигине ылайык келген экономика сектору боюнча***




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр үчүн гана берилген. Полиграфия өнөр жайы, радио жана зым байланышы, суу транспорту, ташты кайра иштетүү жана тоо-кен өнөр жай ишканалары сандардын аздыгына байланыштуу талдоодон чыгарылды.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

Натыйжалар көрсөткөндөй, жалпы бүтүрүүчүлөр өздөрүнүн билимин учурдагы жумушка даярдоодо пайдалуу деп тапты, бирок кээ бир аймактык айырмачылыктар бар. Бүтүрүүчүлөр окуган аймактардын ичинен Чүй (54%) жана Ысык-Көл (53%) облустарында респонденттердин эң көп үлүшү өздөрүнүн билимин абдан пайдалуу деп баалашты. Канааттануунун жогорку деңгээли Талас (52%), Жалал-Абад жана Нарын (51%) облустарында да белгиленди (22-сүрөттү караңыз). Адистик боюнча өзүн жакшы даярдаган бүтүрүүчүлөрдүн эң жогорку үлүшү Кызмат көрсөтүү (59%), Сулуулук (58%) жана Кол өнөрчүлүк (57%) тармактарында болгон. Алардан кийин туризм (54%), көркөм өнөр жана зергерчилик өндүрүшү (55%) жана жеңил өнөр жай (56%) турат. Мындан тышкары, электр жабдууларын өндүрүү, металл иштетүү, металл иштетүү сыяктуу тармактарда оң пикирлер айтылып, анда бүтүрүүчүлөрдүн 50%дан ашыгы алган билими абдан пайдалуу болгонун белгилешти.

***22-диаграмма. Сиздин окууңуз сизди учурдагы жумушуңузга канчалык деңгээлде даярдады деп ойлойсуз? (%), аймактар боюнча***




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр боюнча гана берилген.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

***23-диаграмма. Сиздин окууңуз сизди учурдагы жумушуңузга канчалык деңгээлде даярдады деп ойлойсуз? (%), окуу адистигине ылайык келген экономика сектору боюнча***




Эскертүү: Маалыматтар жумушка орношкон бүтүрүүчүлөр үчүн гана берилген. Полиграфия өнөр жайы, радио жана зым байланышы, суу транспорту, ташты кайра иштетүү жана тоо-кен өнөр жай ишканалары көп сандагы учурлардын аздыгына байланыштуу талдоодон чыгарылды.
Маалымат булагы: Кыргызстандагы КБОнун бүтүрүүчүлөрүнүн сурамжылоосу – 2-фаза, 2024-ж

## 3.8. Келечекте….киргизүүнү каалаган жакшыртуулар жана өзгөртүүлөр

Сурамжылоонун натыйжасы көпчүлүк студенттер практикалык сабактардын санын көбөйтүүнү эң маанилүү жакшыртуу деп эсептээрин көрсөттү (24-диаграмманы караңыз). Бул муктаждык жакшыртылган окуу жабдыктарына жана студенттик объекттерге/имараттарга карата болгон каалоо менен да байланыштуу (25-диаграмманы караңыз). Мындай жыйынтыктар студенттер өздөрүнүн билим алуу тажрыйбасын жогорулатуу үчүн көбүрөөк практикага багытталган окутууну жана жакшыртылган ресурстарды издеп жатканын айгинелеп турат.

**Респонденттер негизги жакшыртуулар катары көбүрөөк практикалык сабактарды киргизүү жана жакшыртылган окуу жабдыктарын колдонуу керектигин аныктап чыгышты.**

Натыйжалар ар түрдүү окуу программалары/адистиктери үчүн дээрлик окшош экендигин көрсөттү (тиркемедеги А.4- жана А.5-диаграммаларды караңыз). Практикалык сабактардын санынын көбөйтүлүшү - бардык окуу программаларынын респонденттери үчүн өзгөчө эңсеген жакшыртуу, ал эми жакшыртылган окуу жабдыктары жана студенттик объекттер/имараттар курулушка жана кургак жер транспортуна тиешелүү программалардын студенттерине өтө керек болгон нерсе.

Ашканалар, китепканалар же ушул сыяктуу студенттик объекттерди/материалдык базаны жакшыртууну сулуулук индустриясы, тейлөө сектору жан тамактануу (кейтеринг) кызматтары боюнча программалардын студенттери өзгөчө эңсешет облустарда респонденттер окуу жабдыктарын жана окуу жайдын объекттерин/материалдык-т базасын жакшыртууну эң маанилүү деп эсептешсе, Баткен менен Нарын облустарында жа шаарында студенттик объекттерди/ материалдык-техникалык базаны жакшыртууга көбүр бурууну талап кылышат.[4]

*24-диаграмма. Сиздин оюңузга жараша өз студенттеринин окуп- үйрөнүүсүн жакшыртуу үчүн окуу жайыңызга кайсы өзгөртүүлөр абдан маанилүү болуп саналат? (%)*




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

*25-диаграмма. Сиздин оюңузга жараша окуу жайыңыз үчүн кандай жакшыртуулар абдан керектүү болуп саналат? (%)*




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

[4] Бул жыйынтыктар окуу жайды аяктагандан кийин алты ай өткөндөн кийин жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы менен тастыкталды. Бул жерде эң көп айтылган жакшыртуунун муктаждыгы жабдууларды жана окутуу инфраструктурасын жаңыртуу болду, аны респонденттердин бир кыйла бөлүгү атап өтүштү, атап айтканда, жер үстүндөгү транспорт (42%) жана курулуш (46%) секторлорунда объектилерди модернизациялоонун маанилүүлүгү баса белгиленди. Студенттердин инфраструктурасын, анын ичинде ашканаларды, китепканаларды жана спорттук базаларды жакшыртуу да көптөгөн студенттер үчүн артыкчылыктуу багыт болуп саналат. Тамак-аш өнөр жайы (39%), өнөр жай өндүрүшү (54%) жана искусство (54%) сыяктуу жакшыртууларга өзгөчө суроо-талап жогору.

Окутуу жана окуп-үйрөнүү процессин жакшыртуу үчүн мастер-класстарды, интерактивдүү доскаларды, ошондой эле билим берүү жаатындагы программалык тиркемелерди/ колдонмолорду ишке киргизип, интеграциялоо өзгөчө керектүү болуп саналат. 14-жана 15-диаграммаларда студенттер өз окуу жайлары үчүн баалуу деп эсептеген кошумча кызматтар жана технологиялар баса көрсөтүлөт. Мындагы маалыматтар көрсөтүп тургандай, студенттер, айрыкча техникалык жана илимий багыттагы программалар боюнча окугандар үчүн заманбап лабораториялык жабдуулар, ошондой эле интерактивдүү доска жана билим берүү жаатындагы тиркемелер сыяктуу алдыңкы программалык инструменттер өзгөчө артыкчылыктарга ээ (тиркемедеги А.7-диаграмманы да караңыз). Бул студенттер окуп-үйрөнүүсүн жана практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүү үчүн алдыңкы заманбап технологияларга жетүүгө жана аларды колдонууга дилгир экенин көрсөтүп турат. Андан сырткары, студенттер профессионалдык мастер-класстарды киргизүүнү каалашат, бул көпчүлүк окуу программалары/адистиктер үчүн жалпы артыкчылыкка ээ болуп саналат (тиркемедеги А.6-диаграмманы караңыз).

***26-диаграмма. Өз окуу жайыңызда кандай кошумча кызматтар же иштин түрлөрү киргизилиши зарыл деп эсептейсиз? (%)***




Мастер-класстарды уюштурууну, интерактивдүү доскаларды жана билим берүү жаатындагы программалык тиркемелерди/ колдонмолорду киргизүүнү окутуу жана окуп-үйрөнүү процессине интеграциялоо талап кылынат.

Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

**27-диаграмма. Өз окуу жайыңызда кандай технология/инновация киргизилишин каалайсыз? (%), окуу программалары/адистиктер боюнча**




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

Соңунда, окуудагы жетишкендиктери үчүн стипендия берүү студенттердин ийгилигине колдоо көрсөтүп, стимул бере турган эң эффективдүү программа катары каралат (16-диаграмманы караңыз). Ал студенттердин мотивациясын жогорулатууга жана студенттик сынактарды жана сыйлыктарды уюштурууга багытталган демилгелер менен коштолот. Тескерисинче, кеңеш берүү жана индивидуалдык билим берүү пландарын иштеп чыгуу анча маанилүү деп эсептелбейт.

**28-диаграмма. Өз окуу жайыңызга студенттердин ийгилигине колдоо көрсөтүп, стимул бере турган кандай программалар керек деп ойлойсуз? (%)**




Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

## 4. Жыйынтыктарды чечмелөө

Изилдөө көрсөткөндөй, студенттердин жарымына жакыны окуудагы даярдыгына толугу менен канааттанышкан, айрыкча Нарын жана Талас сыяктуу аймактарда. Ошол эле учурда Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында канааттануу деңгээли төмөн болуп, жакшыртуу зарылдыгын көрсөттү. Сулуулук өнөр жайы, тоо-кен жана жеңил өнөр жай тармагына тиешелүү программалардын бүтүрүүчүлөрү командада иштөө жана чечим кабыл алуу сыяктуу жөндөмдөрдүн эң жогорку деңгээлдеги канааттануусун жана чеберчилигин көрсөтүштү. Ал эми туризм, жабдууларды эксплуатациялоо жана оңдоо адистигине тапшырган студенттер канааттануу жана чеберчилик деңгээли төмөн болгонун билдиришти. Бул жыйынтыктар Кыргыз Республикасындагы кесиптик билим берүү программалары окуучуларды эмгекке даярдоодо жалпысынан натыйжалуу экенин көрсөтүп турат, бирок канааттануу жана көндүмдөрдү өздөштүрүү боюнча региондор жана кесиптер боюнча айырмачылыктар ылайыкташтырылган жакшыртуу чараларынын зарылдыгын айгинелеп турат.

Көпчүлүк студенттер окуу программаларын жеке кызыкчылыктарынын же эмгек рыногунда күтүлгөн суроо-талаптын негизинде тандашат. Анткен менен респонденттердин бештен бир бөлүгү кайсы бир учурда окууну таштап кетүүнү ойлошкон, мунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкекте байкалган. Көптөгөн бүтүрүүчүлөр окуусун университетте улантууну же чет өлкөдөн жумуш издөөнү пландаштырышкан. Бүтүрүүчүлөрдүн олуттуу бөлүгү өз адистиги боюнча, өзгөчө сулуулук өнөр жайы, тоо-кен жана жеңил өнөр жай сыяктуу тармактарда иштөөнү көздөшкөн.

Бүтүрүүчүлөрдүн кийинки сурамжылоосу алардын ишке орношкондугун, кесипкөй тармагында экендигин жана билими учурдагы жумушуна канчалык дал келгенин текшерүү менен алардын ишке орношуу абалына баа берген. Жыйынтыктар бүтүрүүчүлөрдүн олуттуу бөлүгү же жумушка орношкон же окууну аяктагандан кийин окуусун улантканын көрсөттү. Бүтүрүүчүлөрдүн көбү өз кесиби боюнча ишке орношкону менен, билим менен жумуштун дал келиши айрым аймактарда жана тармактарда, өзгөчө курулуш жана тейлөө тармагында жогору болгон. Ошол эле учурда туризм, темир жол транспорту, жыгач иштетүү өнөр жайы жана МКТ сыяктуу тармактарда талаптарды сактоо деңгээли төмөн болгон. Өз адистигинен тышкары жумуш издөө үчүн негизги себептер бош орундардын чектелүү саны жана карьералык кызыкчылыктардын өзгөрүшү болгон. Бул кыйынчылыктарга карабастан, көпчүлүк аймактарда жумушка канааттануу деңгээли жогору бойдон калууда, бирок кээ бир бүтүрүүчүлөр, биринчи кезекте, эмгек акы жана карьералык келечекке байланыштуу жумушун алмаштыруу каалоолорун билдиришкен. Алынган көндүмдөрдү колдонуу аймакка жана адистикке жараша өзгөрөт: Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө иштеген бүтүрүүчүлөр алган билимдерин практикада колдонууга көбүрөөк ыктайт. Жалпысынан бүтүрүүчүлөр өздөрүн жакшы даярдыгы бар экенин билишсе да, алардын билимдерин

практикалык жактан колдонуу конкреттүү тармактардагы суроо-талапка жана аймактардагы жумуш орундарынын бар болушуна көз каранды болоорун билдириштi.

Изилдөөнүн жыйынтыктары окуу процессинин сапатын жогорулатуу үчүн практика мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, билим берүү ресурстарын жакшыртуу жана студенттердин инфраструктурасын модернизациялоо зарылдыгын көрсөтүп турат. Бардык адистиктер боюнча эң чоң суроо-талап практикалык окууга туура келет, мында жабдууларды жаңыртуу техникалык тармактарда өзгөчө мааниге ээ жана тейлөө адистиктери боюнча студенттер үчүн шарттарды жакшыртуу. Заманбап технологияларды, анын ичинде интерактивдүү куралдарды жана санариптик билим берүү ресурстарын, өзгөчө техникалык программаларды киргизүүгө кеңири колдоо көрсөтүлүүсү зарыл. Мындан тышкары, карьерага багытталган окутуу, анын ичинде мастер-класстар студенттер жана бүтүрүүчүлөр тарабынан жогору бааланып, өндүрүштүк көндүмдөрдүн жогорку талабын чагылдырат. Жалпысынан алганда, изилдөөнүн жыйынтыктары студенттер жана бүтүрүүчүлөр практикага багытталган, технологиялык жактан өнүккөн жана жакшы жабдылган билим берүү чөйрөсүн издеп жатканын көрсөтүп турат, бул аларды кесиптик карьерасына жакшыраак даярдайт.

## 5. Сунуштар (алдын ала)

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча бир катар сунуштарды берсе болот.

**Кесиптик лицейлер үчүн:**

- *Окутуу программаларын жана окутуунун сапатын жакшыртуу:* Окутуунун программаларын, өзгөчө канааттануу жана чеберчилик деңгээли төмөн аймактарда, өнөр жай муктаждыктарына ылайыкташтыргыла. Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында окуу-методикалык материалдарды жаңыртуу, заманбап жабдууларды инвестициялоо жана мугалимдерди кошумча окутуу аркылуу кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатууга өзгөчө көңүл бургула.
- *Кесиптик багыт берүү жана карьера боюнча кеңеш берүү тутумун чыңдоону улантыңыз:* Студенттерге билим жана кесипти туура тандоого жардам берүү үчүн карьералык кеңеш берүү кызматтарын кеңейтиңиз. Студенттердин күтүүлөрүн эмгек рыногунун реалдуу талаптарына шайкеш келтирүү үчүн семинарларды, бош орундардын жарманкелерин жана жеке консультацияларды уюштуруңуз.
- *Практикалык окутуу мүмкүнчүлүктөрдү кеңейткиле:* Туризм, жабдууларды эксплуатациялоо жана оңдоп-түзөө өңдүү шыктарга ээ болуу деңгээли төмөн программаларда практикалык окутууга жана стажировкага көбүрөөк басым жасагыла. Студенттерге практикалык тажрыйба жана кесиптик чеберчиликти өнүктүрүү үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берүү үчүн жергиликтүү бизнес менен өнөктөш болгула.
- *Максаттуу аймактык демилгелерди ишке ашыргыла:* Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустары сыяктуу канааттануу деңгээли төмөн региондордо персоналдаштырылган чечимдер аркылуу окутуунун сапатын жогорулаткыла. Бул мугалимдер үчүн кошумча тренингдерди, окуу программаларын жаңылоону жана студенттерди колдоо системаларын күчөтүүнү камтышы мүмкүн.

**Билим берүү жана илим министрлиги үчүн:**

- *Бардык региондордо кесиптик билим берүүнүн жана окутуунун (КБО) сапатын камсыз кылыңыз:* Өлкө боюнча ырааттуу окутуу стандарттарын сактоо үчүн сапатты көзөмөлдөө чараларын күчөтүңүз. Билим берүү программаларын үзгүлтүксүз баалоо, аккредитациялоо процесстерин жана үзгүлтүксүз өркүндөтүү демилгелерин ишке ашырыңыз.

- *Өнөр жай менен өнөктөштүктү чыңдаңыз:* Практика жана шакирттик мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү үчүн КБО менен өндүрүштүн ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүңүз. Бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногуна даярдыгын жакшыртуу үчүн окуу пландарын жана тренингдерди иштеп чыгууга иш берүүчүлөрдү тартыңыз.

- *Окуудан четтетүү (кулатып салуу) деңгээлин көзөмөлдөңүз жана азайтыңыз:* КБО системасында студенттерди кармап калуу үчүн академиялык кеңеш берүү, финансылык жардам жана насаатчылык программалары сыяктуу максаттуу колдоо чараларын ишке ашырыңыз.

- *Мугалимдердин жана насаатчылардын үзгүлтүксүз квалификациясын жогорулатуу системасын өркүндөтүңүз:* Окутуунун ыкмаларын өркүндөтүү жана окутууну тармактык талаптарга ылайыкташтыруу үчүн мугалимдердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн камсыз кылыңыз. Квалификацияны жогорулатуу курстарын, сертификация (тастыктама) программаларын дайыма жумуш ордунда окутууну уюштуруңуз.

**Жумуш берүүчүлөр үчүн:**

- *КБО мекемелери менен кызматташууну күчөтүңүз:* Окутуунун программалары иш берүүчүлөрдүн муктаждыктарына жооп беришин камсыздоо үчүн кесиптик билим берүү жана окутуу (КБО) мекемелери менен кызматташыңыз. Студенттерди практикалык тажрыйба менен камсыз кылуу үчүн түзүмдөлгөн стажировка, шакирттик жана насаатчылык программаларын түзүңүз.

- *Окуу программалары боюнча тармактык кайтарым пикирди камсыз кылыңыз:* Окуу программалары актуалдуу болушун камсыз кылуу үчүн КБО мекемелерине көндүмдөрдүн талаптары жана жумушчу күчүнүн муктаждыктары жөнүндө үзгүлтүксүз маалымат берип туруңуз. Бүтүрүүчүлөр талап кылынган компетенцияларга ээ болушу үчүн окуу планын иштеп чыгууга катышыңыз.

- *Практикалык окутуу демилгелерин кеңейтиңиз:* Билим берүү менен иш берүүчүнүн күтүүлөрү ортосундагы ажырымды жоюу үчүн жумуш ордунда түзүмдөлгөн окутуу программаларын ишке ашырыңыз.

# 6. Маалымат булактары

Европа билим берүү фонду (ЕБФ), Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ) жана КБӨЕБ (Кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү боюнча Европа борбору). 2016. "Бүтүрүүчүлөрдү ишке орношуу боюнча изилдөө жүргүзүү - көндүмдөрдү жана жумуш орундарын болжолдоо жана дал келүү боюнча колдонмо", 6-том. Шилтемеде жеткиликтүү:
https://www.etf.europa.eu/en/publications-and-resources/publications/carrying-out-tracer-studies-guide-anticipating-and-matching

Европа билим берүү фонду. (2012). Өткөөл жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө көндүмдөрдү болжолдоо жана макулдашуу системалары. Шилтемеде жеткиликтүү:
https://www.etf.europa.eu/sites/default/files/m/84E964F6CBD16532C1257AAD0038EC27_Skills%20matching%20systems.pdf

Кесиптик билим берүү жана окутуу боюнча ЕБ каражаты (ЕБ-КБО каражаты). 2022. "КБО үчүн бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу боюнча изилдөө: аны өнүктүрүүгө жана ишке ашырууга колдоо көрсөтүү" Шилтемеде жеткиликтүү:
https://vettoolbox.eu/publications/tracer-studies-for-vet-supporting-their-creation-and-implementation/

# 7.Тиркеме

### А.1-таблица. Респонденттердин курамы, аймактар боюнча

| Облус | % | Саны |
|---|---|---|
| Баткен облусу | 13 | 887 |
| Бишкек шаары | 24 | 1,644 |
| Жалал-Абад облусу | 14 | 990 |
| Нарын облусу | 3 | 194 |
| Ош облусу | 17 | 1,204 |
| Талас облусу | 6 | 404 |
| Чүй облусу | 10 | 705 |
| Ысык-Көл облусу | 13 | 939 |
| Жооп жок | 0 | 13 |
| Бардыгы | 100 | 6980 |

Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

### А.2-таблица. Респонденттердин курамы, окуу программасынын/адистигинин экономиканын секторуна тиешелүүлүгү боюнча

| Окуу программасынын/адистигинин экономиканын секторуна тиешелүүлүгү | % | Саны |
|---|---|---|
| Айыл чарба | 10 | 685 |
| Кургак жер транспорту | 3 | 210 |
| Жеңил өнөр жай | 11 | 757 |
| Жыгач иштетүү өнөр жайы | 2 | 152 |
| Коомдук тамактануу (кейтеринг) кызматтары | 18 | 1,255 |
| Курулуш | 3 | 234 |
| Көркөм жана зергер буюмдарын өндүрүү | 1 | 75 |
| Маалымат жана коммуникация технологиялары | 4 | 276 |
| Металл иштетүү | 10 | 707 |
| Слесардык жана монтаждоо иштери | 9 | 652 |
| Сулуулук индустриясы | 3 | 243 |
| Тейлөө сектору | 2 | 144 |

| | | |
|---|---|---|
| Тоо-кен өнөр жайы | 1 | 52 |
| Туризм | 1 | 91 |
| Кол өнөрчүлүк буюмдарын өндүрүү | 6 | 402 |
| Электр станцияларынын жабдууларын, электр жана байланыш тармактарын эксплуатациялоо жана оңдоо | 4 | 310 |
| Электротехника буюмдарын чыгаруу | 6 | 399 |
| Башка тармактар | 1 | 90 |
| Жооп жок | 4 | 246 |
| Бардыгы | 100 | 6980 |

Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

### А.3-таблица. Респонденттердин курамы, жынысы боюнча

| | % | Саны |
|---|---|---|
| Кыз-келиндер | 38 | 2640 |
| Эркектер | 61 | 4279 |
| Жооп жок | 1 | 61 |
| Бардыгы | 100 | 6980 |

Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

### А.1-диаграмма. Кесибиңиз боюнча окутуунун деңгээлин канчалык канааттандырарлык деп эсептейсиз? (толугу менен канааттангандардын %), окуу программасы/адистиги боюнча




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

**A.2-диаграмма. Өз окуу жайыңыздагы окутуунун сапатын кандай баалайсыз? («абдан жакшы» деп жооп бергендердин %), окуу программасы/адистиги боюнча**




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

**A.3-диаграмма. Өз окуу жайыңыздын материалдык-техникалык базасына кандай баа бересиз? («абдан жакшы» деп жооп бергендердин %), окуу программасы/адистиги боюнча**




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

**А.4-диаграмма. Окуу материалдары менен башка ресурстардын жеткиликтүүлүгүн кандай баалайсыз? («ар дайым бар» деп жооп бергендердин %), окуу программасы/адистиги боюнча**




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

**А.5-диаграмма. Окуу процессинде сиз канчалык деңгээлде техникалык көйгөйлөргө туш болосуз? («абдан көп учурда» деп жооп бергендердин %), окуу программасы/адистиги боюнча**




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

**А.6-диаграмма. Окутуучулар менен студенттердин ортосундагы байланыш канчалык даражада канааттандырарлык? («толугу менен канааттандырат» деп жооп бергендердин %), окуу программасы/адистиги боюнча**




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

***А.7-диаграмма. Окутуучулардын ой-пикирин канчалык тездикте угуп турасыз? (%),окуу программасы/адистиги боюнча***




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

**А.8-диаграмма. Сиздин оюңузга жараша окуу жайыңыз сиздин абалыңыз боюнча изилдөөнү канчалык натыйжалуу жолдо жүргүзөт? («абдан натыйжалуу» деп жооп бергендердин %), окуу программасы/адистиги боюнча**




Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

***А.4-таблица. Сиздин оюңузга жараша окуу жайыңызга кандай жакшыртуулар абдан керектүү болуп саналат? (%), окуу программасы/адистиги боюнча***

| | Жакшыртылган окуу программалары | Жакшыртылган жабдыктар жана объекттер/имараттар | Окутуунун сапатынын жакшыртылышы | Жакшыртылган студенттик объекттер (мис: ашкана, китепкана,спорт аянтчасы) | Жооп жок |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба | 21 | 36 | 11 | 29 | 4 |
| Кургак жер транспорту | 13 | 41 | 14 | 27 | 4 |
| Жеңил өнөр жай | 18 | 35 | 11 | 35 | 2 |
| Жыгач иштетүү өнөр жайы | 17 | 34 | 14 | 29 | 7 |
| Коомдук тамактануу (кейтеринг) кызматтары | 19 | 32 | 10 | 35 | 3 |
| Курулуш | 16 | 42 | 10 | 28 | 4 |
| Көркөм жана зергер буюмдарын өндүрүү | 22 | 28 | 18 | 30 | 1 |
| Маалымат жана коммуникация технологиялары | 32 | 20 | 17 | 28 | 3 |
| Металл иштетүү | 28 | 34 | 10 | 24 | 5 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Слесардык жана монтаждоо иштери | 24 | 34 | 9 | 28 | 5 |
| Сулуулук индустриясы | 24 | 21 | 10 | 43 | 3 |
| Тейлөө сектору | 19 | 30 | 10 | 36 | 5 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 29 | 34 | 9 | 25 | 3 |
| Туризм | 21 | 22 | 17 | 33 | 7 |
| Кол өнөрчүлүк буюмдарын өндүрүү | 14 | 36 | 10 | 35 | 5 |
| Электр станцияларынын жабдууларын, электр жана байланыш тармактарын эксплуатациялоо жана оңдоо | 23 | 38 | 11 | 25 | 4 |
| Электротехника буюмдарын чыгаруу | 27 | 28 | 14 | 25 | 6 |

Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

### *А.5-таблица. Сиздин оюңузга жараша өз студенттеринин окуп- үйрөнүүсүн жакшыртууда окуу жайыңыз үчүн кайсы өзгөртүүлөр абдан маанилүү болуп саналат?(%), окуу программасы/адистиги боюнча*

| | Практикалык сабактардын санын көбөйтүү | Кошумча индивидуалдык студенттик колдоону киргизүү | Мотивацияны жана студенттердин окуу процессине катышуусун жакшыртуу | Окутуунун жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | Жооп жок |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба | 43 | 15 | 14 | 23 | 5 |
| Кургак жер транспорту | 52 | 10 | 18 | 18 | 2 |
| Жеңил өнөр жай | 38 | 17 | 15 | 26 | 5 |
| Жыгач иштетүү өнөр жайы | 40 | 16 | 14 | 24 | 6 |
| Коомдук тамактануу (кейтеринг) кызматтары | 42 | 13 | 18 | 22 | 5 |
| Курулуш | 39 | 21 | 14 | 18 | 7 |
| Көркөм жана зергер буюмдарын өндүрүү | 38 | 18 | 19 | 25 | 0 |
| Маалымат жана коммуникация технологиялары | 38 | 17 | 17 | 23 | 6 |
| Металл иштетүү | 44 | 18 | 14 | 16 | 9 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Слесардык жана монтаждоо иштери | 49 | 18 | 11 | 15 | 7 |
| Сулуулук индустриясы | 46 | 15 | 16 | 19 | 4 |
| Тейлөө сектору | 47 | 11 | 20 | 18 | 4 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 47 | 18 | 3 | 24 | 7 |
| Туризм | 41 | 19 | 11 | 18 | 11 |
| Кол өнөрчүлүк буюмдарын өндүрүү | 39 | 17 | 12 | 25 | 6 |
| Электр станцияларынын жабдууларын, электр жана байланыш тармактарын эксплуатациялоо жана оңдоо | 49 | 14 | 14 | 17 | 6 |
| Электротехника буюмдарын чыгаруу | 41 | 19 | 14 | 16 | 10 |

Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

***А.6-таблица. Өз окуу жайыңызда кандай кошумча кызматтар же иштин түрлөрү киргизилиши зарыл деп эсептейсиз? (%), окуу программасы/адистиги боюнча***

| | Маданий иш-чараларды уюштуруу | Студенттердин демилгелерине колдоо көрсөтө турган программаларды иштеп чыгуу | Профессионалдык мастер-класстарды уюштуруу | "Жумшак"/программалык көндүмдөргө багытталган курстарды киргизүү | Жооп жок |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба | 27 | 24 | 24 | 18 | 7 |
| Кургак жер транспорту | 23 | 22 | 34 | 17 | 4 |
| Жеңил өнөр жай | 21 | 20 | 33 | 21 | 4 |
| Жыгач иштетүү өнөр жайы | 18 | 35 | 29 | 12 | 6 |
| Коомдук тамактануу (кейтеринг) кызматтары | 21 | 21 | 39 | 13 | 5 |
| Курулуш | 16 | 26 | 34 | 15 | 8 |
| Көркөм жана зергер буюмдарын өндүрүү | 14 | 38 | 39 | 9 | 0 |
| Маалымат жана коммуникация технологиялары | 19 | 24 | 34 | 17 | 5 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Металл иштетүү | 29 | 23 | 25 | 13 | 10 |
| Слесардык жана монтаждоо иштери | 25 | 25 | 28 | 14 | 8 |
| Сулуулук индустриясы | 28 | 19 | 39 | 10 | 4 |
| Тейлөө сектору | 26 | 14 | 39 | 16 | 4 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 30 | 18 | 25 | 22 | 6 |
| Туризм | 17 | 22 | 33 | 14 | 13 |
| Кол өнөрчүлүк буюмдарын өндүрүү | 22 | 25 | 37 | 9 | 6 |
| Электр станцияларынын жабдууларын, электр жана байланыш тармактарын эксплуатациялоо жана оңдоо | 28 | 26 | 24 | 15 | 6 |
| Электротехника буюмдарын чыгаруу | 27 | 25 | 23 | 15 | 10 |

Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

***А.7-таблица. Өз окуу жайыңызда кандай технология/инновация киргизилишин каалайсыз? (%), окуу программасы/адистиги боюнча***

| | **Онлайн жана сырттан окуу формаларын ишке киргизүү** | **Интерактивдүү доскаларды жана билим берүү жаатындагы программалык тиркемелерди колдонуу** | **Виртуалдык лабораториялар жана окуу өткөрүү жайларын түзүү** | **Электрондук документацияны уюштуруу жана онлайн консультация системасын киргизүү** | **Жооп жок** |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба | 22 | 28 | 25 | 18 | 7 |
| Кургак жер транспорту | 27 | 29 | 29 | 13 | 2 |
| Жеңил өнөр жай | 22 | 32 | 21 | 20 | 5 |
| Жыгач иштетүү өнөр жайы | 21 | 34 | 28 | 8 | 9 |
| Коомдук тамактануу (кейтеринг) кызматтары | 25 | 29 | 27 | 14 | 5 |
| Курулуш | 17 | 40 | 19 | 15 | 8 |
| Көркөм жана зергер буюмдарын өндүрүү | 30 | 30 | 21 | 17 | 1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Маалымат жана коммуникация технологиялары | 18 | 21 | 37 | 17 | 7 |
| Металл иштетүү | 23 | 25 | 27 | 14 | 11 |
| Слесардык жана монтаждоо иштери | 24 | 30 | 26 | 13 | 8 |
| Сулуулук индустриясы | 22 | 28 | 28 | 16 | 6 |
| Тейлөө сектору | 24 | 25 | 31 | 16 | 5 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 33 | 14 | 17 | 23 | 13 |
| Туризм | 25 | 24 | 24 | 16 | 11 |
| Кол өнөрчүлүк буюмдарын өндүрүү | 18 | 31 | 24 | 19 | 8 |
| Электр станцияларынын жабдууларын, электр жана байланыш тармактарын эксплуатациялоо жана оңдоо | 17 | 37 | 25 | 15 | 6 |
| Электротехника буюмдарын чыгаруу | 24 | 26 | 23 | 17 | 10 |

Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.

### *А.8-таблица. Өз окуу жайыңызга студенттердин ийгилигине колдоо көрсөтүп, стимул бере турган кандай программалар керек деп ойлойсуз? (%), окуу программасы/адистиги боюнча*

| | **Окуудагы жетишкендиктер и үчүн стипендияларды ыйгаруу** | **Студенттер үчүн конкурстарды жана призедерди уюштуруу** | **Кеңеш берүү жана индивидуалдык билим берүү пландарын иштеп чыгуу** | **Студенттердин мотивациясын көтөрүүгө жана өзүн-өзү сыйлоосуна багытталган иш-чараларды өткөрүү** | **Жооп жок** |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба | 31 | 25 | 12 | 25 | 7 |
| Кургак жер транспорту | 34 | 22 | 16 | 23 | 5 |
| Жеңил өнөр жай | 34 | 20 | 10 | 31 | 5 |
| Жыгач иштетүү өнөр жайы | 32 | 28 | 6 | 28 | 6 |
| Коомдук тамактануу (кейтеринг) кызматтары | 36 | 24 | 10 | 25 | 5 |
| Курулуш | 43 | 17 | 11 | 21 | 8 |
| Көркөм жана зергер буюмдарын өндүрүү | 37 | 18 | 16 | 28 | 1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Маалымат жана коммуникация технологиялары | 29 | 22 | 16 | 28 | 5 |
| Металл иштетүү | 33 | 27 | 10 | 20 | 10 |
| Слесардык жана монтаждоо иштери | 36 | 24 | 15 | 18 | 8 |
| Сулуулук индустриясы | 28 | 26 | 15 | 28 | 4 |
| Тейлөө сектору | 40 | 27 | 12 | 17 | 4 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 40 | 21 | 8 | 19 | 13 |
| Туризм | 35 | 19 | 13 | 20 | 13 |
| Кол өнөрчүлүк буюмдарын өндүрүү | 25 | 26 | 10 | 31 | 7 |
| Электр станцияларынын жабдууларын, электр жана байланыш тармактарын эксплуатациялоо жана оңдоо | 33 | 24 | 13 | 24 | 6 |
| Электротехника буюмдарын чыгаруу | 31 | 23 | 14 | 21 | 11 |

Эскертүү: Басма иши, радио жана кабелдик байланыш жабдууларын өндүрүү, суу транспорту, ташты кайра иштетүү өнөр жайы жана темир жол транспорту респонденттердин санынын аздыгына байланыштуу изилдөөдөн чыгарылып салынды.
Маалымат булагы: Кыргызстандын БКББ окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү боюнча сурамжылоо – 1-фаза, 2024-ж.